Отчет

К. Курманалиев атындагы «Полиграфия» кафедрасы университеттин ректорунун 2026-жылдын 13-октябрындагы № 2/76 буйругуна ылайык, 2-ноябрдан 8-ноябрга чейинки мезгил "Илим жумалыгы-2026" деп жарыяланган. Илим жумалыгы алкагында «Инновация жана илимий трансформация: келечек индустриясы үчүн инженердик чечимдер» жана 11 ноябрь бүткүл дүйнөлүк илим күнүнө карата иш чаранын алкагында К. Курманалиев атындагы «Полиграфия» кафедрасы "Инновациянын санариптик трансформациясы, технологиялык чечимдер жана коммерциялаштыруу шарттарында полиграфиянын жана медиакоммуникациялардын өнүгүү перспективалары" темасындагы илимий семинар өткөрүлдү, анда или күнүнө арналган илимий семинарда илим-билимге арналган темалар сүйлөнүп кызыктуу маектер жана талкуу болду.

Илимий семинардын алкагында эки баяндама болуп өтү:

1) Бегалиев А.А. ЖЧК “Индиго Трейд” ишканасынын директору “Кыргызстандын полиграфия тармагын санариптик трансформациялоо: инновациялык технологиялар, өндүрүштү автоматташтыруу жана коммерциялаштыруунун жаңы моделдери” аттуу темада.

2) Экринбеков Н.Э. “Irmem Print” ишканасынын директору "Маркетингдин санариптик трансформациясы: ИИ, жаңы медиа жана бизнес мүмкүнчүлүктөрү" атту темада доклад жазашты.

Катышкандар:

1. Байгазиев М.С. кафедра башчысы
2. Садыкова Э. А. доцент
3. Джумагулов С. Дж. профессор
4. Орускулов Т.Р. профессор
5. Айманбаева Д.К. доцент
6. Чингизова Н.Н. окутуучу
7. Уметалыева А.У. окутуучу
8. Бекберген кызы А. инженер
9. Ташбаева М.Н. лаборант.
10. ИСТг(б)-1-2-24, ППг(б)-1-24 тайпасынын студенттери.

Биринчи сөздү К. Курманалиев атындагы «Полиграфия» кафедрасынын башчысы Мирбек Сагымбаевич сөз сүйлөп иш чараны ачып берип программа менен тааныштырып университеттин ректорунун 2026-жылдын 13-октябрындагы No2/76 буйругуна ылайык, 2-ноябрдан 8-ноябрга чейинки мезгил "Илим жумалыгы-2026" деп жарыяланган. Илим жумалыгы алкагында «Инновация жана илимий трансформация: келечек индустриясы үчүн инженердик чечимдер» жана 11 ноябрь бүткүл дүйнөлүк илим күнүнө карата иш чараны ачып берип.

Бир аз учукай тема жөнүндө баяндама жасады. Бүгүнкү күндө полиграфия жана медиакоммуникация тармактары санариптик трансформациянын активдүү этабында турат. Маалыматтык технологиялардын, жасалма интеллекттин жана автоматташтырылган системалардын өнүгүшү бул тармактардын жаңы деңгээлге көтөрүлүшүнө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө.

Полиграфия тармагын өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарынын бири - санариптик басып чыгаруу технологияларын, өндүрүштүк процесстерди автоматташтырууну жана интеллектуалдык башкаруу системаларын киргизүү болуп саналат. Жасалма интеллектти колдонуу графикалык маалыматтарды иштетүүнүн сапатын жогорулатууга, өндүрүштүк чыгымдарды кыскартууга жана даяр продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзөт деп докладчиктерге ийгиликтерди каалады.

Мирбек Сагымбаевич кийинки сөздү Аайбек Арсланбековичке узатты ЖЧК “Индиго Трейд” ишканасынын директору “Кыргызстандын полиграфия тармагын

санариптик трансформациялоо: инновациялык технологиялар, өндүрүштү автоматташтыруу жана коммерциялаштыруунун жаңы моделдери” аттуу темадагы баяндасмасын баштады анда.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын полиграфия тармагы санариптик трансформациянын шартында өнүгүүнүн жаңы баскычына өтүүдө. Заманбап технологиялардын киргизилиши басма өндүрүшүнүн сапатын жогорулатууга, эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттырууга жана өндүрүштүк чыгымдарды азайтууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө.

Бул багытта санариптик басып чыгаруу, жасалма интеллект, автоматташтырылган башкаруу системалары жана графикалык маалыматтарды иштетүүнүн инновациялык ыкмалары өзгөчө мааниге ээ. Өндүрүш процесстерин автоматташтыруу убакытты үнөмдөөгө, продукциянын сапатын жакшыртууга жана ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзөт.

Ошондой эле полиграфия тармагында коммерциялаштыруунун жаңы моделдерин өнүктүрүү актуалдуу болуп саналат. Электрондук соода, онлайн-заказ берүү системалары, жекелештирилген басма продукцияларын даярдоо жана университеттер менен өндүрүш ишканаларынын кызматташтыгы жаңы экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын полиграфия тармагынын келечектүү өнүгүүсү инновациялык технологияларды өздөштүрүүгө, өндүрүштү автоматташтырууга жана илимий иштелмелерди практикага киргизүүгө байланыштуу.

Биздин негизги максатыбыз - заманбап технологияларды колдонуу менен ата мекендик полиграфиянын сапатын, натыйжалуулугун жана эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу деп кызыктуу кылып баяндап берип кошумча өзү жөнүндө жана кантип директордук кызматка жеткенин айтып берди. Студенттер тарабынан көп суроолор болуп ага жооптор берилип кызыктуу талкуу болду.

Мирбек Сагымбаевич кийинки сөздү Нурдин Экринбековичке сөз берди “Irmem Print” ишканасынын директору "Маркетингдин санариптик трансформациясы: ИИ, жаңы медиа жана бизнес мүмкүнчүлүктөрү" атту темадагы баяндамасын ал мындай деп баштады.

Бүгүнкү күндө маркетинг тармагы санариптик технологиялардын өнүгүшү менен түп-тамырынан өзгөрүүдө. Жасалма интеллекттин, социалдык тармактардын жана жаңы медиа платформаларынын кеңири колдонулушу ишканалардын кардарлар менен байланышуу ыкмаларын жаңылоодо.

Маркетингдин санариптик трансформациясында жасалма интеллект өзгөчө мааниге ээ. Ал кардарлардын керектөөлөрүн талдоого, рыноктук тенденцияларды аныктоого, жарнамалык кампанияларды оптималдаштырууга жана жекелештирилген сунуштарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ошондой эле жаңы медиа - социалдык тармактар, видеоплатформалар жана санариптик коммуникация каражаттары бизнес үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Алар продукцияны кеңири аудиторияга таанытууга, кардарлар менен түз байланыш түзүүгө жана бренддин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзөт.

Санариптик маркетингдин дагы бир маанилүү багыты — инновациялык бизнес-моделдерди өнүктүрүү. Электрондук соода, онлайн-жарнама жана маалыматтарга негизделген маркетингдик стратегиялар ишканалардын экономикалык натыйжалуулугун арттырууга көмөктөшөт.

Жыйынтыктап айтканда, маркетингдин санариптик трансформациясы — бул жөн гана жаңы технологияларды колдонуу эмес, бизнести өнүктүрүүнүн заманбап стратегиясы. Жасалма интеллектти жана жаңы медианы натыйжалуу пайдалануу келечектеги бизнес мүмкүнчүлүктөрүнүн негизин түзөт.

Нурдин Экринбековичке да студенттер тарабынан суроолор берилип жооптор алынды, Нурдин Экринбекович кыскача студенттерге өзүнүн басып өткөн жолун кантип ишкананы ачкандыгы тууралу ошондой эле кандай кыйынчылыктарды басып өткөнүн

кызыктуу кылып баяндап берип студенттерге кми бизнес ачам десе кеңештерин айтып берип бул полиграфиялык тармак кирешелүү жана кызыктуу тармак экенин айтып берди.

Ошол кызыктуу көз ирмендер кийинки 1 сүрөттөрдө тастыкталган.

















1 – Сүрөт били күнүнө арналган иш-чарадан сүрөт отчёту

2026-жылдын 13-октябрындагы № 2/76 буйругуна ылайык, 2-ноябрдан 8-ноябрга чейинки мезгил "Илим жумалыгы-2026" деп жарыяланган. Илим жумалыгы алкагында «Инновация жана илимий трансформация: келечек индустриясы үчүн инженердик чечимдер» жана 11 ноябрь бүткүл дүйнөлүк илим күнүнө карата иш чаранын алкагында.

КМТУда жасалма интеллект жана маалыматтык технологиялар боюнча эл аралык конференция өттү.

2026-жылдын 27-октябрында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде «Жасалма интеллекттин маалыматтык системалардын жана технологиялардын өнүгүшүнө тийгизген таасири» аталышындагы эл аралык илимий конференция өттү. Иш-чарага Кыргызстандын, Казакстандын, Сербиянын, Индиянын жана башка өлкөлөрдүн окумуштуулары, изилдөөчүлөрү жана IT тармагынын адистери катышты.

Конференция «Cyber4Academia – 2026: МКТ, жасалма интеллект жана глобалдык киберкоркунучтар доорундагы жогорку билим берүү» эл аралык форумунун алкагында уюштурулуп, академик Аманбек Жайнаковдун туулган күнүнүн 85 жылдыгына жана анын ысымын алып жүргөн Маалыматтык системалар жана технологиялар кафедрасынын 30 жылдыгына арналган иш-чара К. Курманалиев атындагы «Полиграфия» кафедрасынын башчысы Мирбек Сагымбаевичда катышып "Проектирование и реализация инклюзивной веб-платформы электронной коммерции с адаптивным пользовательским интерфейсом" деген темада баянда жасады аторлору: т.и.к., доцент Байгазиев М.С., ф.-м.и.к., доцент Аскарбеков Р.Н. жана Бакай уулу Ислам болуп ийгиликтүү катышышты. https://www.facebook.com/share/p/14wr6gusP1N/?mibextid=wwXIfr





2 – Сүрөт «Жасалма интеллекттин маалыматтык системалардын жана технологиялардын өнүгүшүнө тийгизген таасири» деген темадагы конференциядан сүрөт отчёту

"Илим жумалыгы-2026" алкагында инженердик педегогика кафедрасынын негиздөөчүүсү т.и.к., профессор К.С. Кененсариевдин 80 жылдык маарекесине жана инженердик педагогика кафедрасынын 35 жылдыгына арналган “Санариптештирүү шартында кесиптик билим берүүнү өнүктүрүүнүн жолдору жана келечеги” аттуу илимий-техникалык конференциясына кафедранын башчысы М.С. Байгазиев, к.т.н., профессор С. Джумагулов жана улук окутуучу Б.К. Курманалиевдер катышып өздөрүнүн баяндамаларын жазашты алар төмөндөгү 3 сүрөттө көрсөтүлгөн.
https://www.facebook.com/share/p/1ELxJnM5wf/?mibextid=wwXIfr







3 – Сүрөт “Санариптештирүү шартында кесиптик билим берүүнү өнүктүрүүнүн жолдору жана келечеги” деген темадагы конференциядан сүрөт отчёту

Аягында кафедранын башчысы Мирбек Сагымбаевич жыйынтыктоочу сөз сүйлөп өзүнүн сөзүндө жыйынтыктап айтканда, полиграфия жана медиакоммуникация тармактарынын келечеги санариптик технологияларды, илимди, билим берүүнү жана бизнести өз ара интеграциялоого байланыштуу. Биздин негизги максатыбыз - заманбап инновацияларды изилдөө менен гана чектелбестен, аларды өндүрүшкө киргизүү жана экономикалык жактан натыйжалуу чечимдерди иштеп чыгуу деп жыйынтыктады, кафедранын курамы жана коноктор жыйынтыктоочу сөздөрүн сүйлөшүп

Жамааттык жыйынтык

Семинардын катышуучулары полиграфия жана медиакоммуникация тармактарын өнүктүрүүдө санариптик трансформациянын, инновациялык технологиялардын жана жасалма интеллекттин маанилүү ролун белгилешти.

Талкуунун жыйынтыгында өндүрүштү автоматташтыруу, заманбап технологиялык чечимдерди киргизүү, илимий иштелмелерди практикалык колдонууга өткөрүү жана инновацияларды коммерциялаштыруу тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги багыттары экендиги белгиленди.

Ошондой эле жогорку окуу жайлардын анын ичинде К. Курманалиев атындагы «Полиграфия» сынын, илимий мекемелердин жана өндүрүш ишканаларынын өз ара кызматташтыгын күчөтүү зарылдыгы баса белгиленди.

РЕЗОЛЮЦИЯ

Семинардын катышуучулары төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алууну сунушташат:

1. Полиграфия жана медиакоммуникация тармактарына инновациялык жана санариптик технологияларды киргизүү боюнча илимий-изилдөө иштерин активдештирүү.
2. Өндүрүш процесстерин автоматташтыруу жана заманбап технологиялык чечимдерди практикага киргизүү боюнча иштерди күчөтүү.
3. Жогорку окуу жайлар менен өндүрүш ишканаларынын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү.
4. Илимий иштелмелерди коммерциялаштырууга, стартап долбоорлорду колдоого жана инновациялык бизнес-моделдерди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу.
5. Полиграфия жана медиакоммуникация тармактары үчүн квалификациялуу, заманбап технологияларды өздөштүргөн адистерди даярдоону өркүндөтүү.
6. Семинардын материалдарын жана сунуштарын тиешелүү билим берүү, илимий-изилдөө жана өндүрүш ишмердүүлүгүндө пайдалануу.

Жалпы жыйынтык: Санариптик трансформация шартында полиграфия жана медиакоммуникация тармактарын туруктуу өнүктүрүү инновацияларды, илимди, билим берүүнү жана өндүрүштү интеграциялоо аркылуу камсыз кылынат.

К. Курманалиев атындагы
«Полиграфия» кафедрасынын
башчысы т.и.к., доцент М.С. Байгазиев

Scanned with CamScanner